5. В.М. Качашкин "Методика физического воспитания".Просвещение. 1968.
6. А.Е. Медведев "Дене тарбия сабактарында окуучулардын таанып билуу иш-аракетин активдештирүү". Мектеп.Ф.1985.
7. В.С. Фарфель "Развитие движении у детей школьного возраста" М.изд. АПК. РСФСР. 1959.

Биймурзаева Б.М.

## ОРТО МЕКТЕПТЕРДЕ МАТЕМАТИКАНЫ ОКУТУУДАГЫ ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮНҮН НЕГИЗДЕРИ

*Бул статьяда орто мектептерде математиканы окутуудагы эстетикалык тарбия берүүнүн негиздери эстетикалык тарбиянын методологиясы, түшүнүгү, системалаштырылышы жана анын педагогикалык башкарылышы менен аныктала тургандыгы берилди.*

Эстетикалык тарбиянын методологиялык негизи болуп философиялык илимдин бири - эстетика эсептелет. Анын эн негизги милдети окуучуларга эстетикалык тарбия берүүнүн практикасы менен стратегиясын иштеп чыгуунун баштапкысы катарында кызмат кылгандыгы.

Эстетика - бул педагог үчүн компас, анткени окуучуларга курчап турган чөйрөнүн эстетикалык мамилесин түшүндүрүп тарбиялоонун мазмунун, методдорун жана формаларын туура аныктайт.

Эстетика жашоого жана математикага жаратылышты ачып берүү менен эстетикалык жалпы принциптерди адамга көрсөтүп, эстетикалык ишмердүүлүктүн мыйзамдарын изилдейт. Сулуулук менен ыраңсыздык, бийиктик менен пастык, кайгы менен шаттык, баатырдык менен коркоктук - эстетикалык сезимдин кабыл алуунун шартында реалду предметтин белгиленген касиеттери бааланат.

Талаш - тартышты жаратып келе жаткан нерселердин эн негизгиси эстетиканын объективдүүлүгү болуп саналат. Эстетикалык табит предметти кабыл алуу менен тыгыз байланышта. Кабыл алуу менен баалоо бирдиктүү, анткени баалоо инсандын эстетикалык ишмердүүлүгүн аныктайт. Эстетикалык табит бизди курчап турган чөйрөнүн эстетикалык баалуулугун объективдүү балоо менен дифференцирленген түрүн шарттайт. Эстетикалык табит сезимдин өлчөмүн баалоонун туруктуулугун, ийкемдүүлүгүн жана ошондой эле кабыл алуунун кеп жактуулугун мүнөздөйт. Дүйнөнү эстетикалык таануу практиканын чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн мыйзам ченеминде байкалат. Бул ишмердүүлүктүн түрү ар түрдүү: эмгектенүүдөгү сулуулукту түзүү, жүрүш-туруштун эстетикасы, таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн эстетикасы. Окуучунун эстетикалык ишмердүүлүгүнүн жана эстетикалык аң-сезиминин калыптанышы — бул педагогикалык процесстин бүтүндөй эки бири-бири менен байланышкан жагы болуп саналат.

Адамдын эстетикалык каалоосу менен идеалдарын калыптандыруу, күндөлүк турмуштагы жана математикадагы чыныгы көркөмдүктү туура түшүнүүгө жөндөмдүүлүгүн өрчүтүү математиканы окутуудагы эстетикалык тарбия деп аталат.

Эстетикалык тарбия — күндөлүк турмуштагы жана математикадагы кооздук кабылдай билип, сезе билип, түшүнүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрү катары курчап тур дүйнөнү кайра өзгөрүшүндө вз дилгири менен катышууга умтулуу сезимин тарбия.

катары, көркөм чыгармачылыкка тартып, чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүсүн аныктайт.

Эстетика-бул сулуулук, кооздук, ошол сулуулукка, кооздукка суктануу аны коргоо, ага аяр мамиле жасоо. Эстетикалык тарбиянын мааниси ар тараптан тарбиялоонун ажырагыс түзүүчү бөлүгү, ар тараптан өнүккөн инсандын калыптанышынын маанилүү каражаты болуп саналат. Эстетикалык тарбиянын максаты-ар тараптан өнүккөн адамдын калыптанышына жардам кылуу, мүмкүн болушунча көбүрөөк билим жана адептүү он сапатгарды берүү, анда болгон талаптардын жана жөндөмдүүлүктүн калыптанышына кемек көрсөтүү. Эстетикалык терең сезимдер, айланадагы курчап турган кооздукту кабыл алуусу,адамдын толук баалуу рухий жашоосунун маанилүү шарттарынан болуп саналат. Айлана-чөйрөгө эстетикалык мамиле кылууга тарбиялоо инсандагы коп жакшы сапатгарды калыптандырууга жардам берет.

Эстетикалык тарбия боюнча иштин туура уюштуруу үчүн анын болжолдуу мазмунун белгилеп, тарбиянын жалпы милдеттерине туура келүүчү конкреттүү талаптарды аныктоо керех. Бул эстетикалык тарбиянын методдорун, каражаттарын тандоодо педагогго ишти тандоодо бир ыраттуулукка, топтоштурууга, иштин түпкү максатын көрө билүүгө көмөктөшөт. Эстетикалык тарбиянын программасы турмушта активдүү мамиленин пайда болушуна түрткү берүүчү нерсени кабыл ала билүүнү элестетүүчү, эске тутууну, ынтызарлыкты, сезимин, шыктуулукту жана жөндөмдүүлүктөрдү калыптандырууну талап кылат.

Турмушту эстетикалык жактан өздөштүрүү андан калышпай, ага жакын болууну курчап турган дүйнөнү, коомду, жаратылышты предметтик чөйрөнү кайра курууга умтуулуну талап кылат. Турмушта кооздукту билүүгө жана туура түшүнүүгө инсанды жөндөмдүү кылып тарбиялап, эстетикалык көз караштарды, каалоолорду жана сезимдерди, математикада жана турмушта кооз нерсени түзүүгө умтулгандыкты жана ошого жөндөмдүүлүктү эстетикалык тарбия деп түшүндүрүлөт. Эстетикалык сезимдин калыптанышынын, жаратылыштагы, эмгектеги, коомдук турмуштагы жана адамдардын жүрүш-турушундагы кооз нерсени туура түшүнүүгө жана аларга туура баа берүүгө жөндөмдүүлүгү ошол эстетикалык тарбиянын мааниси катары аныкталат. Кооз нерсени туура түшүнүү жана аларга туура баа берүү маселеси математика жана турмушту терен жата ар тараптан билүүнүн негизинде калыптанат.

Эстетикалык тарбия азыркы кездеги математиканын бир бөлүгү боюнча адамдын талдай билишине жардам берет. Кооз нерсени түзүүгө адамдар активдүү катышмайынча толук баалуу эстетикалык тарбия болууга мүмкүн эмес. Ошондуктан эстетикалык тарбиянын системасы элемент катары балдардын жана мугалимдин эстетикалык иш аракетин өз кучагына алат. Эстетикалык тарбиянын процессинде акыл эстүүлүк жана сезгичтик элементгерди туура түшүнүү маселеси зор мааниге ээ болот. Жогорудагы аталган сапатгарды бири-бирине айкалыштыра өрчүтүү-адамдын ар тараптан өнүгүшүнүү маанилүү каражаты. Билимдердин жана образдуу таасилердин системасы аркылуу өсүп-өнүккөн окуучулар, мекенибизге, түбөлүк жашоочу маданий байлыктарга туура мамиле кылууну түшүнөт, бул сезимди өзүнө сиңирет жана жакшыртат. Тигил же бул башталмага кенири баа берүү, же мунун тескерисинче, ашыра баа берүү адамдын өркүндөшүнүн бүткүл процессинде бирдей эле даражада зыян келтирет. Адамдын ар тараптан өнүгүшүнө эстетикалык тарбиянын мааниси зор. Эстетикалык тарбия берүүнүн жалпыга, адамдын ар тараптан өнүгүшүнө маанисинин зордугу эн маанилүү. Эстетикалык тарбиянын программасы турмушка активдүү мамиле кылуунун пайда болушуна түрткү берүүчү, нерсени кабыл алуудагы эске тутууну, ынтызарлыкты, сезимдүүлүктү, шыктуулукту жана

жөндөмдүүлүктөрдү калыптандырууну талап кылат. Билимдерге жана ыкмаларга үйрөтүүнүн конкреттүү натыйжаларына караганда, бул сапаттардын пайда болушун жана өнүгүшүн байкоо кыйынырак болот. Бул өнүгүүнүн ыраattуулугун аныктоо маанилүү.

Биз көп учурларда «балдарды эмоционалдуу кабыл алууга үйрөтүү», «ырахат алуу», «жөндөмдүүлүктөрүн көрсөтүү» деген ж.у.с. эстетиканын формаларын карагaнбыз. Эстетикалык тарбиянын математика менен органикалык түрдө айкалышы эмгекке, коомдук турмушка болгон мамиледен бир кыйла ачык көрүнөт. Математиканы жана турмуштагы сонун нерселерди түшүнө билүү үчүн, көңүлдө калган эң жөнөкөй таасирлерди көз менен көрүп, кулак менен уккан сезимдерди топтоонун узак жолун басып өтүү зарыл, эмоция жана таанып билүү процесстеринин белгилүү бир чекте өнүгүшү зарыл.

Эстетикалык тарбия берүүдө математикага өзгөчө роль таандык. Математиканын каражаттары менен эстетикалык тарбия берүү «көркөмдүккө тарбиялоо» термини менен белгиленет. Эстетикалык тарбия педагогиканын өзүнчө бөлөк тармагы болуп саналбайт, ал анын бардык жактары менен өз ара аракеттенишип турат. Акыл эс жагынан да, дене - бою жагынан да толук жетик өнүгүү, моралдык тазалык жана турмушка, математиканын өнүгүшүнө активдүү мамиле кылуу ыймандык жетиктиги көп жагынан эстетикалык тарбиясына байланыштуу болгон, арабок эмес өнүккөн адамды мүнөздөйт.

Эстетикалык тарбия мезгил менен тыгыз байланыштуу келип, көп жагынан ага шартталып турат. Турмушту эстетикалык жактан өздөштүрүү андан калышпай, ага жакын болууну, курчап турган дүйнөнү, коомду, жаратылышты, чөйрөнү кайра курууга умтулууну талап кылат. Тарбиянын башка жактары менен эстетикалык тарбия берүүнүн тыгыз биримдигин, ар бир балада адептүүлүк сапаттарын калыптандыруунун динамикасы катары алып көрсөтөт.

Көптөгөн окумуштуулар тарбия системасынын өнүгүшүндө көптөгөн салымдарын кошушту. Педагогикалык процесстердин ичинен эстетикалык тарбия жөнүндө да өз ой пикирлерин айтышты.

Тарбиянын бардык жактары идеалык, акыл эстик, дене жагынан эмгектик эстетикалык тарбия баланын рухий дүйнөсүнө канчалык даражада таасир көрсөтсө, ал ошончолук даражада маанилүү. «Дүйнөдө адамдан татаал жана бай нерсе жок» деп жазат Сухомлинский [5]. Аны ар тараптан өнүктүрүү адептүүлүгүн өркүндөтүү - бул педагогдун максаты. Балалык - адам өмүрүнүн эң маанилүү мезгили. Эстетикалык тарбия жөнүндө Сухомлинский — «Эстетикалык тарбия болмоюнча эч кандай тарбия болушу мүмкүн эмес» - деп айткан.

Кооздук - бул адамгерчилик сезимдердин чын ыкластуу мамилелердин каны ж жаны. Эстетикалык тарбия педагогикалык өзүнчө тармак болуп саналбайт, ал анын бардык жактары менен өз ара аракеттенип турат.

Эстетикалык тарбия адамдын жаратылышынын эстетикалык өнүгүшүнө негизделет. Бирок, бул потенциалдык мүмкүнчүлүк чыныгы тарбиянын негизинде аткарылат. Эстетикалык тарбия болбосо угуу мүмкүнчүлүгү болуп туруп Бетховендин музыкасын укпай коюуга, көрүү жөндөмдүүлүгү болуп туруп математикадагы функциянын кооздугун көрбөй калууга болот. Ошондуктан эстетикалык тарбиянын ролу чоң.

Эстетикалык тарбия - педагогикалык ишмердүүлүктүн системасын түзөт, окуучулардын өнүгүүсүнүн субъективдүү жана объективдүү мүмкүнчүлүктөрүн өз убагында толук пайдаланууга негизделген.

Бул система өзүнө төмөндөгүлөрдү камтыйт: окуучулардын математиканы окуудагы ишмердүүлүгү, класстан жана мектептен тышкаркы иштер, үй-бүлөдөгү эстетикалык тарбия жана өзүн — өзү тарбиялоо.

Жогорудагы ар бир элементтин спецификалык формасы жана методдору педагогикалык иште пайдаланылат. Эстетикалык тарбиянын математиканы окутуудагы методдору: түшүндүрүү, предметтик анализ, эстетикалык мисал, маселелердин чыгарылышы. Мисалы, улуттук боз үйдү ала турган болсок, андагы ар бир элемент геометриялык фигураларды берет. Математиканы окутуудагы эстетикалык тарбиянын формалары - бул лекциялар, математиканын тарыхына байланышкан көрсөтмө куралдардын ирети менен берилиши, суроолордун кызыктуу түзүлүшү жана башкалар.

Окуучуларга математиканы окутууда, эстетикалык тарбия берүүдө педагогикалык башкаруу педагогикалык ишмердүүлүктүн түрү катары окуу процессинде, класстан жана мектептен тышкаркы иштерде жана эне-аталар менен жүргүзүлөт. Туура коюлган эстетикалык тарбия окуучулардын тарбияланауусуна жакшы шарт түзөт.

Эстетикалык тарбия жалпы педагогикалык процесстин составдык бөлүгү болуп саналат. Эстетикалык тарбиянын окуучуларга тийгизген таасиринин эффективдүүлүгүн математика сабагынын окуучуларга жогорку деңгээлде жеткендигинен байкоого болот. Тарбиялоонун методдору жана каражаттары окуучу аркылуу эстетикалык түрдө шартталат. Окууга болгон кызыгууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Эстетикалык тарбия окуучуларды интелектуалдуулукка, эрктүүлүккө тарбиялайт. Педагогдордун жана эне-аталардын өз убагында көңүл буруусу эстетикалык тарбиянын оз деңгээлде жүргүзүлүшүн өнүктүрөт. Эстетикалык тарбиянын процесси окуучулардын математика сабагына болгон кызыгуусун арттыруу менен ишмердүүлүгүн жогорулатат.

Биринчи этапта: педагог окуучунун математикага болгон кызыгуусун жана мүмкүнчүлүгүн ойготот. Окуучунун алдына суроо коет: математика сабагында ага эмне жагат? Математиканын кайсы темалары кызыктуу? Эсептөөлөрдө, формулаларда кандай өзгөчөлүктөр бар? Математика боюнча кайсы темаларда ал мүмкүнчүлүгүн көрсөтө алат? Окуучу өзүнө-өзү анализ жүргүзөт, андан кийин мугалим жана класстагы окуучулар оз ойлорун айтышат.

Экинчи этапта: мугалим окуучуга оз алдынча иштөөгө багыт берүү менен тарбиянын жалпы программасына аны кошот. Ошону менен катар ишмердүүлүктүн мүмкүн болгон түрлөрүн көрсөтөт: математика жөнүндө кандай адабияттарды окуу керек, кызыктуу математика боюнча диспуттарды өткөрүү, кружокко катышуунун шарты менен тааныштырат дагы убактысын шарттайт.

Үчүнчү этапта: педагог окуучуну практикалык ишмердүүлүктөн көнүгүүлөрдү түзүүгө багыт берет. Ошону менен катар математика боюнча толук окууга убакыт белгилейт.

Акыркы этапта: педагог окуучуларга математика сабагынан алган билимин текшерүүнүн методдорун, жетишкендиктердин өзгөчөлүгүн күндөлүгү аркылуу белгилейт.

Жогоруда белгиленген эстетикалык тарбиянын методологиясы, түшүнүгү, системалаштырылышы жана педагогикалык башкарылышы аркылуу окуучулардын эстетикалык жактан тарбияланышына өбөлг? түзүлү тургандыгына ынандык.

## АДАБИЯТТАР


1. Буров А. И. и др. Эстетика: проблемы и споры. М 1974
2. Варга Д, Димень Ю, Лопарец Е. Язык, музыка, математика. М 1981